## 2013-жылдын 24-апрелиндеги № 58 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы

# «Кыргыз Республикасындагы ички соода жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу

2013-жылдын 14-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене.** «Кыргыз Республикасындагы ички соода жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2002-ж., № 5, 199-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

**1.** Мыйзамдын бүткүл тексти боюнча «ишкердиктин» деген сөз «соода ишинин» деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2.** 2-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2-статья. Ушул Мыйзамда колдонулуучу негизги терминдер

Ушул Мыйзамдын максаттары үчүн төмөнкүдөй терминдер пайдаланылат:

соода иши (соода) – товарларды сатып алууга жана сатууга байланышкан ишкердик иштин түрү;

товар – сатуу же алмаштыруу үчүн арналган жүгүртүүдөн алып салынбаган эмгектин кандай болбосун продуктусу;

соода ишинин субъекттери – белгиленген тартипте катталган жана өз ишин соода чөйрөсүндө жүзөгө ашыруучу жеке жана юридикалык жактар, ошондой эле эгерде соода чөйрөсүндө ишкердик иш жүргүзүү алардын уставында бекитилсе коммерциялык эмес уюмдар;

соода объекти (соода ишканасы) – соода чөйрөсүндө ишкердик ишти жүзөгө ашыруу үчүн соода ишинин субъекттери тарабынан пайдаланылуучу мүлктүк комплекс, ошондой эле башка мүлк;

ички соода (ички соода иши) – Кыргыз Республикасынын аймагында жүзөгө ашырылуучу соода иши;

социалдык мааниге ээ соода иши – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жарандардын социалдык жактан алсыз категорияларынын керектөөлөрүн канааттандырууга багытталган соода ишинин түрү;

социалдык мааниге ээ азык-түлүк товарлары – тизмеги Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген, калктын биринчи даражадагы керектөөлөрүн канааттандыруучу үчүн тамак-аштын базалык продуктулары.».

**3.** 4-статьяда:

1-пунктундагы «сапаттуу» деген сөздөн кийин «, коопсуз» деген сөз менен толукталсын;

3-пунктундагы «соода уюмдарынын» деген сөздөр «соода ишинин субъекттеринин» деген сөздөргө алмаштырылсын.

**4.** 6-статьяда:

1-пунктундагы «теңдештигин» деген сөздөн кийин «жана атаандаштыгын өнүктүрүүнү» деген сөздөр менен толукталсын;

4 жана 5-пункттар күчүн жоготту деп таанылсын;

статья төмөнкүдөй мазмундагы 6-пункт менен толукталсын:

«6) ошол региондун аймагында мамлекеттик жөнгө салууну жүзөгө ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган чектерде жана тартипте жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ыйгарым укуктарды берүү.».

**5.** 7-статья төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

«-Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ченемдик укуктук актыларына ылайык соода ишин уюштурууга жана жүзөгө ашырууга карата атаандаштыкты өнүктүрүү жана коргоо максатында талаптарды белгилөө;».

**6**. 8-статьянын экинчи – бешинчи жана жетинчи абзацтары күчүн жоготту деп таанылсын.

**7**. 9-статьянын биринчи абзацындагы «жайларды» жана «ээлегендик үчүн» деген сөздөрдөн кийин тиешелүүлүгүнө жараша «соода ишинин субъекттерин» жана «жана соода объекттерин» деген сөздөр менен толукталсын.

**8**. 11-статьяда:

статьянын аталышы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: «Социалдык мааниге ээ соода иши жана жарандардын айрым категорияларын коргоо»;

статья төмөнкүдөй мазмундагы 3-бөлүк менен толукталсын:

«-жарандардын социалдык жактан алсыз категорияларынын керектөөлөрүн канааттандыруу максатында социалдык мааниге ээ азык-түлүк товарларынын тизмеги жана аларга бааны жөнгө салуунун тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.».

**9.** 12-статья күчүн жоготту деп таанылсын.

**2-берене.** Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А. Атамбаев**